**“Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө товарларды жылдыруу тартибин бекитүү” жөнүндө**
**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтом долбооруна**
**МААЛЫМКАТ - НЕГИЗДЕМЕ**

1. **Максаты жана милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө товарларды жылдыруунун тартибин бекитүү жөнүндө токтом долбоору төмөнкү ченемдик укуктук актыларды ишке ашырууга багытталган:

- Евразия экономикалык биримдигинин Бажы кодексинин 455-беренесин;
- “Эркин экономикалык зоналар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесин;
- “Бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 249-беренесин.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мыйзам алдындагы актысы менен укуктук жөнгө салуунун зарылдыгы жана негиздүүлүгү “Нарын” ЭЭЧда товарларды өткөрүү тартибин караган ченемдик укуктук актынын жоктугу менен шартталган.

2. **Баяндоочу бөлүк**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022 -жылдын 15 - апрелиндеги №115 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин маселелери жөнүндө” Жарлыгы менен эркин экономикалык чөлкөмдөр (мындан ары-ЭЭЧ) чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу милдети жүктөлгөн, ошондой эле “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин карамагына берилген.

Товарларды “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө товарларды жылдыруунун тартиби (мындан ары – тартип) Кыргыз Республикасынын “Бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 249-беренесине ылайык Евразия экономикалык биримдигинин Бажы кодексинин 455-беренесин ишке ашыруу үчүн иштелип чыккан жана “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө (мындан ары – “Нарын” ЭЭЧ) бажы жол-жобосунун колдонулушун, ЭЭЧнин бажы жол-жобосуна киргизүүнүн өзгөчөлүктөрүн, “Нарын” ЭЭЧнин товарларды пайдалануунун өзгөчөлүктөрүн, “Нарын” ЭЭЧинде товарларды ташып чыгууда Эркин бажы чөлкөмүн декларациялоонун жана бажы жол-жобосун аяктоонун өзгөчөлүктөрүн, “Нарын” ЭЭЧнин товарларын контролдоо, “Нарын” ЭЭЧнин аймагын ыңгайлаштырууга жана тосуу талаптарын аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык биримдиги (мындан ары - ЕАЭБ) жөнүндө келишимине кошулуу менен Кыргыз Республикасынын “Эркин экономикалык зоналар” жөнүндө Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүндө, Евразия экономикалык биримдигинин Бажы кодексинин 455-беренесинде белгиленген Эркин бажы зонасынын бажы жол-жобосунун өзгөчөлүктөрүн колдонуу максатында “Нарын” ЭЭЧнин аныктоо бөлүгүндө өзгөртүүлөр киргизилген (Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 29-мартындагы №40 Мыйзамы).

Эркин бажы зонасынын бажы жол-жобосун колдонуунун өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет. ЕАЭБ БК 455-беренесинде каралган ченемдерди ишке ашырууда “Нарын” ЭЭЧинде инвесторлорго пайдалуу шарттар түзүлөрүн белгилей кетүү маанилүү. Аталган беренеде каралган бажы жеңилдиктери ЕАЭБ бажы мыйзамдарына ылайык “Нарын” ЭЭЧде гана жеңилдиктерди берет. Анткени азыркы учурда Кыргыз Республикасынын ушул ЭЭЧ гана ЕАЭБ Бажы кодексинин 455-беренесинин талаптарына жооп берет.

“Нарын” ЭЭЧне инвесторлорду тартуу жана жогоруда баяндалган экономиканын көптөгөн тармактарын өнүктүрүү учурунда өлкөнүн башка региондоруна да мультипликативдүү натыйжа түзүлүшү мүмкүн, бул жалпы Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүгө түрткү берет.

“Нарын” ЭЭЧнин бардык пайдалуу сапаттары анын аймагында уникалдуу баалуулук сунуш, капитал, жаңы технологиялар, ноу-хау жана жогорку квалификациялуу адам ресурстары үчүн ыңгайлуу жерди түзүүгө мүмкүндүк берет.

“Нарын” ЭЭЧнин шарттары жана режими жаңы технологияларга жана инновацияларга, экологиялык таза өндүрүшкө багытталган ар кайсы өлкөлөрдөн өнөр жай ишканаларын тартууга мүмкүндүк берет.

Коңшу өлкөлөрдүн мисалында биз ЕАЭБ БК 455-беренесинин ийгиликтүү ишке ашырылышын көрө алабыз (Казакстан – “Хоргос” МЦП БК ЭЭЧ, Белоруссия – “Великий камень” ЭЭЧ, Россия – “Калининград” ЭЭЧ, Армения – “Мегри” ЭЭЧ).

Ушул ченемдик актыны кабыл алууда чек-аралык электрондук соода боюнча Кытайдын Кашгар бонд чөлкөмү менен долбоорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү пайда болот, товарларды “Нарын” ЭЭЧнин аймагынан Кашгар шаарынын бонд чөлкөмү аркылуу экспорттоо ишке ашырылат. “Нарын” ЭЭЧнин Кытайга товарларды экспорттоо мүмкүнчүлүгү Түркия, Россия, Белоруссия, БАЭ жана башка өлкөлөрдүн инвесторлорун тартат.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору.**

Бул токтом долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун натыйжалары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамынын 22-беренесине ылайык токтом долбоору http://koomtalkuu.gov.kg. порталында жайгаштырылат

Мындан тышкары, ушул токтом долбоору http://koomtalkuu.gov.kg. порталында жайгаштырылгандан кийин коомдук талкууну өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына багытталат.

Коомдук талкуунун жыйынтыктары жыйынтыктоочу маалымкат-негиздемеде чагылдырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга ылайыктуулугун талдоо**

Сунушталган токтом долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды алып келбейт.

**7. Регулятивдик таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

2020-жылдын 30-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №504 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасысынын” 4-пункттун 6-пунктчасына ылайык, бул токтом долбоору жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Инвестициялар боюнча улуттук агенттик Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө товарларды жылдыруу тартибин бекитүү жөнүндө” токтом долбоорун кароого жиберет.

**Директор** **У.Т. Темиралиев**